Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлиги
Жалал-Абад областы
Чаткал району
Шекафтар айылы
В.И. Ленин атындагы жатак-мектеби

Министерство образования и науки
Кыргызская Республика
Жалал-Абадская область
Чаткальский район
Шекафтарская школа-интернат имени В.И. Ленина

721705 Кыргызская Республика, Жалалабатская область, Чаткальский район, пос. Шекафтар, ул.Ленин

Исх: 158

«28» 09 2022-жыл

Кыргыз Республикасынын президенти
Жапаров Садыр Нуркожоевичке
В.И.Ленин атындагы жатак-мектебинин
директору Юсупалиева Алима
Мамадалиевнадан жана мектеп жамаатынан

Кайрылуу.

Жалал-Абад облусунун Чаткал районуна караштуу Сумсар айыл аймагынын Шекафтар айылында В.И.Ленин атындагы мектеп-интернаты жайгашкан. Мектептин окуу жана жатакана корпустары бар. Биздин мектепте негизинен социалдык колдоого муктаж болгон балдар окуп билим алышат.Алар эмгек мигранттарынын балдары, жарым жетимдер, турмуш шарты аз камсыз болгон, жалгыз бой энелердин , ажырашкан үй-бүлөлөрдүн балдары.Биздин сизге кайрылып жатканыбыздын себеби:

1.Учурда ар бир окуучуга бир күндүк тамак-ашка бөлүнгөн акчасы 60сомго туура келет.Азыркы мезгилде продуктанын базар баасы жогорулаганына байланыштуу 60сом менен окуучуларды сапаттуу тамактандыруу кыйынчылык туудуруп жатат.Ошондуктан бир балага болгон бир күндүк тамак-ашынын баасын жогорулатып берүүнүздү суранабыз.

2. Жатак-мектебибизде 10 жатак корпус бар. 580ден ашыгыраак балдар окуп билим алышат жана жашашат. Жатаканалардын чатырлары оор жана кооптуу абалда, кээ бир комнаталарда потолок түшөйүн деп турат.

Окуучулар жашаган жатаканалардын чатыры 1957- жылдан бери алмаштырылган эмес, эскилиги жеткендиктен № 1-6-7-12-жатаканалардан жамгыр көп жааган мезгилде чатырлардан суу өтүп, потолоктор көчүп, жашаган окуучулар үчүн кооптуу абал жаралып жатат.

Ошол себептен №1-6-7-12-жатаканалардын чатырын алмаштыруу керектигин билдирип жатабыз.Бул жатаканалардын чатырларынын узуну, туурасы төмөнкүдөй:

| № | Жатакана номери | Чатырынын узуну м | Чатырынын туурасы м | Аянты кв.м |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 1 | 40 | 12 | 480 |
| 2 | 6 | 37 | 12 | 444 |
| 3 | 7 | 37 | 12 | 444 |
| 4 | 12 | 37 | 12 | 444 |
| 5 | Жалпы аянты | | | 1812 |

Жогорудагы көрсөтүлгөн тамак-аштын баасын жогорулатып, ата-энелик төлөмдөрдүн көлөмүн карап берүү жана жатаканалардын чатырларын алмаштырууга жардам берүүнүздү суранабыз.

Сизди терен урматтоо менен

Мектеп директору : Юсупалиева А